М.М.Адышев атындагы
ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТ

# ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ МЕНЕН ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ОРТОСУНДА КЫЗМАТТАШУУ БОЮНЧА МЕМОРАНДУМ

**Ош шаарынын Мэриясынын (мындан ары – Мэрия), атынан мэр Ж.Ш.Токторбаев, жана Ош технологиялык университетинин (мындан ары – ОшТУ), атынан ректор Ж.Ж.Турсунбаев, төмөнкүлөрдү эске алып, бул меморандумду түзүштү:**

**1. Максаты жана кызматташуунун мааниси**

1.1. ОшТУнун техникалык, технологиялык жана экономика багытында адистерди даярдоодогу жана окумуштуулардын илимий иштеп чыгуулары менен патенттерин Ош шаарынын өнүгүүсүнө пайдалануудагы мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу.

1.2. Ош шаарынын ишканаларынын жана мекемелеринин көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүү, анын ичинде студенттердин жана магистранттардын окуу иштерин практикалык колдонуунун негизинде ишке ашыруу.

1.3.Студенттерге жана магистранттарга практикалык мүмкүнчүлүктөрдү түзүү менен, алардын кесипкөйлүк деңгээлин жогорулатууга шарттарды түзүү.

**2. Кызматташуунун негизги багыттары**

2.1. Ош шаарынын аймагындагы ишканаларга жана мекемелерге илимий жана технологиялык анализдерди жүргүзүү, натыйжасында алардын эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча конкреттүү сунуштарды берүү.

2.2.ОшТУнун студенттеринин дипломдук долбоорлорун, магистранттардын илимий изилдөө диссертацияларын жана окутуучулардын илимий иштеп чыгууларынын натыйжаларын Ош шаарынын көйгөйлөрүн чечүүгө багыттоо.

2.3.Университеттин магистранттарынын жана студенттеринин окуу пландарына шаардагы ишканалардын сунушу менен заманбап предметтерди киргизүү.

2.4. ОшТУ менен мэриянын биргелешкен долбоорлорун ишке ашыруу аркылуу шаар инфраструктурасын жана социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу.

2.5.Шаардын ишканаларында жана мекемелеринде студенттердин практикасын уюштуруу жана өндүрүштүк тажрыйбаны камсыз кылуу.

**3. Тараптардын милдеттери**

**3.1. Ош шаарынын мэриясы:**

- ОшТУнун илимий иштеп чыгууларынын жана ойлоп табууларын шаардын өнүгүү программаларына интеграциялоо үчүн шарттарды түзөт.

- Шаардагы ишканалардын жана мекемелердин негизги көйгөйлөрүн аныктап, аларды чечүүгө ОшТУнун илимий жана академиялык ресурстарын тартуу үчүн сунуштарды берет.
- Университеттин студенттерине жана магистранттарына шаардагы ишканаларда практикадан өтүүгө мүмкүнчүлүк берет.
- Шаардык инфраструктуралык долбоорлордо ОшТУнун окумуштууларынын жана эксперттеринин консультацияларын пайдалануу боюнча көмөк көрсөтөт.

**3.2. Ош технологиялык университети:**

- Студенттердин дипломдук долбоорлорун, магистранттардын изилдөөлөрүн жана окутуучулардын илимий иштеп чыгууларынын багытын Ош шаарынын көйгөйлөрүн чечүүгө ылайыктап уюштурат.
- Магистранттардын жана студенттердин окуу пландарына шаардагы ишканалардын муктаждыктарына ылайык заманбап предметтерди киргизүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат.
- Шаардын өнүгүшүнө багытталган илимий-изилдөө иштерин жана инновациялык долбоорлорду иштеп чыгат.
- Студенттерди жана магистранттарды практикалык тажрыйба алуу үчүн шаардык ишканалар менен тыгыз кызматташууга багыттайт.

**4. Кызматташуунун натыйжалары**

4.1. Ош шаарынын инфраструктурасы, ишканалары жана мекемелери илимий жана инновациялык чечимдерди колдонуу менен жаңыланат.

4.2.ОшТУнун бүтүрүүчүлөрү терең билимге жана практикалык тажрыйбага ээ болуп, жогорку квалификациялуу адистер катары чыгышат.

4.3.Шаардык мекемелердин ишмердүүлүгү жогорулоо менен, Ош шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсү камсыздалат.

4.4.Университет менен мэриянын кызматташуусу аркылуу Кыргыз Республикасынын илимий жана экономикалык потенциалынын өсүшүнө өбөлгө түзүлөт.

**5. Меморандумдун аракет мөөнөтү**

Бул меморандум тараптар кол койгон күндөн тартып беш жылдык мөөнөткө күчүндө болот жана зарылчылыкка жараша тараптардын макулдугу менен узартылышы мүмкүн.

**6. Жыйынтык жоболор**

6.1.Бул меморандум тараптардын ортосундагы кызматташтык ниеттерин жана милдеттерин расмий ырастаган документ болуп саналат жана мыйзам ченемдерине ылайык ишке ашырылат.

6.2. Меморандум боюнча келип чыккан маселелер жана келишпестиктер тараптардын өз ара сүйлөшүүлөрү аркылуу чечилет.

| | |
|---|---|
| Ош шаарынын мэри | Ош технологиялык университетинин ректору |
| ___________ Ж.Ш.Токторбаев | ____________ Ж.Ж.Турсунбаев |
| Ош шаары, Ленин көчөсү 221 | Ош шаары, Н.Исанов көчөсү 81 |
| “_____” _________2025ж. | “_____” _________2025ж. |